| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК** | **ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_06.03.2026 №___01-25/64____ Бишкек ш.

**Маалыматтарды бирдиктүү чогултууну уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.А. Касымалиевдин 2026-жылдын 6-февралындагы № 14-2933 тапшырмасын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – Агенттик) жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Кырдаалдык борборду жана борбордук мамлекеттик органдарды актуалдуу маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу процессин тартипке келтирүү максатында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан толтурулуп туруучу маалыматтардын бирдиктүү тизмеси (мындан ары – Маалыматтардын бирдиктүү тизмеси ) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген Маалыматтардын бирдиктүү тизмесин жетекчиликке алып, ар айдын 5 числосуна чейин толтуруп, тиешелүү маалыматтарды белгиленген тартипте киргизип туруу сунушталсын.
3. Агенттиктин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмү тиркемедеги маалымат тизмесинин үлгүсүн жергиликтүү өз алдынча башкару органдарына жеткирсин.
4. Агенттиктин санариптик өнүктүрүү бөлүмү Маалыматтардын бирдиктүү тизмесин бекитилген бирдиктүү тизмеге ылайык формада “Санарип аймак” автоматташтырылган маалыматтык системасына киргизсин.

5. Агенттиктин финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Агенттиктин веб-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын.

6. Агенттиктин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмү кабыл алынган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде буйруктун электрондук версиясын электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтсүн.

7. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Агенттиктин директорунун орун басары Б.З. Садировага жүктөлсүн.

**Директордун милдетин**
**убактылуу аткаруучу,**
**директодун орун басары** **Р. А. Кубаталиев**